| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫ** | **ГОСУДАРСТВЕННАЯ КАДРОВАЯ СЛУЖБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2021-ж 19-март № 49 — Бишкек ш.

# Кыргыз Республкасынын Мамлекеттик кадр кызматынын 2020-жылдын 7-декабрындагы № 116 «2021-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү планын бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы № 38 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө» токтомунун негизинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ишин оптималдаштырууга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрындагы № 198 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республкасынын Мамлекеттик кадр кызматынын 2020-жылдын 7-декабрындагы № 116 «2021-жылга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү планын бекитүү жөнүндө» буйругу менен бекитилген 2021-жылга мамлекеттик органдарда мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү планы (мындан ары - План) ушул буйруктун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.
2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык өкүлчүлүктөрү бекитилген пландарын кайрадан карап чыгышсын жана бекитилген мөөнөттөргө ылайык мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүшсүн.
3. Адам ресурстарын башкаруу жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү кызыктар адамдарды ушул буйрук менен тааныштырсын жана

тиркелген Планга ылайык мамлекеттик органдарга жиберүүнү камсыз кылсын.

4. Финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрукту жана Планды Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын веб-сайтына жайгаштырсын.

5. Мониторинг жана мыйзамдуулукту көзмөлдөө бөлүмү белгиленген мөөнөттөргө ылайык Пландын аткарылышын камсыз кылсын.

6. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары А.А. Курмановго жүктөлсүн.

**Директор** **А.М. Маматалиев**

Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик кдар кызматынын
2021-жылдын «19» марттагы
№ 49 буйругуна тиркеме

**2021-жылга мамлекеттик органдарда**
**мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндө**
**мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү Планы**

| к/н | Мамлекеттик органдын аталышы | Жүргүзүү мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин (Акыйкатчысы) аппараты | апрель | ММКБ* |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | май | ММКБ* |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | июнь | ММКБ* |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | июль | ММКБ* |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | август | ММКБ* |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Транспорт, архитектура, курулуш жана коммуникациялар министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | сентябрь | ММКБ* |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | октябрь | ММКБ* |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана ведомстволук бөлүмдөрү | ноябрь | ММКБ* |
| 9 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Санариптик өнүктүрүү мамлекеттик кызматы | декабрь | ММКБ* |

**Эскертүү:**
* ММКБ – мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмү